Бекитемин:

№17 С.Далбаев гимназия мектебинин

директору:_______________ Д.Омурзакова

**№17 С.Далбаев гимназия мектебинин педагогикалык кенеши жөнүндө**

**ЖОБОСУ**

**1.Педагогикалык кенештин мазмуну**

Педагогикалык кенеш-мектептин окуу-тарбия иштериндеги маселелерди кароочу жогорку орган.

Педагогикалык кенеште каралуучу негизги маселелер болуп саналат.

- окуу-тарбия иштеринин денгээлин жогорулатуу учун мектептин педогогикалык жамаатынын аракеттерин бириктирүү;

- илимдеги жетишкендиктерди жана педогогикалык алдынкы тажрыйбаларды жайылтуу;

- мектептин, усулдук бирикмелердин иш пландарын, мектеп кызматкерлеринин маалыматтарын жана отчетторун, коомчулуктун өкулдөрүнүн докладдарын, мектептин санитардык-гигиеналык абалы жана окуучулардын ден соолугу жөнүндө билдирүүлөрдү, ошондой эле мектептин башка иш-аракеттерине таандык маселелерди талкуулайт ;

- предметтик жана чыгармачылык ийримдерди, факультативдерди, элективдик (тандоо) курстарды, студияларды, окуу жана усулдук бирикмелерин тузуу жөнүнө,окуучуларды экзамендерге киргизүү, класстан класска кочүрүү же ордунда калтыруу, толук эмес орто билим жана толук орто билим жөнүндө кубөлуктөрду жана аттестаттарды беруу жөнүндө чечимдерди кабыл алат.

**2.Педагогикалык кенештин курамы**

1. Мектептин директору педогогикалык кенештин төрагасы (төрайымы) болот.

2.Педагогикалык кенештин катчысы шайланат.

3.Педагогикалык кенештин курамына мектептин директору, анын орун басарлары, мугалимдер, психолог, социалдык педагог, китеп каначы, врач кирет.

4. Зарыл болгон учурларда педагогикалык кенештин жыйынына коомдук жана окуучулардын өкулдөрү, башка окуу жайлардын кызматкерлери , окуучулардын ата-энелери чакырылат. Аларды чакыруу зарылдыгы педагогикалык кенештин төрагасы (төрайымы) тарабынан аныкталат. Чакырылган жактарга добуш берүү мумкунчулугу берилет .

**3. Педагогикалык кенештин ишин уюштуруу**

1. Педагогикалык кенеш бекитилген план боюнча иш алып барат.

2.Педагогикалык кенештин отурумдары окуу жылында бир чейректин ичинде бир жолу өтөт. Зарыл болгон учурда педагогикалык кенештин жыйыны кезексиз чакырылышы мумкун.

3. Педагогикалык кенештин чечимдери кенештин мучөлөрунун учтөн бир (3/1) бөлүгүнүн катышуусунда көпчүлуктүн добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны тен болгон учурларда чечүүчү добуш төраганыкы ( төрайымдыкы ) болуп саналат.

4.Педагогикалык кенештин чечимдеринин жана сунуштарынын аткарылышын уюштурууну педагогикалык кенештин төрагасы (төрайымы) ишке ашырат жана ал жөнүндө кенештин кезектеги жыйынында баяндап берет.

5. Педагогикалык кенештин мүчөлөрү мектеп ишерин жакшыртууга байланышкан сунуштарын кенештин кароосуна берүүгө укуктуу.

6.Педагогикалык кенештин жыйындарында токтом (протокол) түзүлөт. Токтомго кенештин төрагасынын (төрайымынын) жана катчысынын колу коюлуп, мектептин иш кагаздарында сакталат.